ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин окуу-усулдук кеңешинин кезектеги жыйынынын № 8 протоколунан

## КӨЧҮРМӨ

2023-жылдын, 19-апрели
Ош шаары, ЭМФ, 205-каана
Төрайым – А. Базиева
Катчы – Р. Маматова
Катышкандар:

**Күн тартиби:**

1. 2022-2023-окуу жылындагы эл аралык медицина факультетинде өткөрүлгөн "Факультеттин мыкты окутуучусу", "Факультеттин мыкты ОМКсы", "Факультеттин мыкты лектору" конкурстарынын 2-этабынын жеңүүчүлөрүн аныктоо жана аларды “ОшМУнун мыкты окутуучусу”, “ОшМУнун мыкты ОМКсы”, “ОшМУнун мыкты лектору” конкурсуна катышууга сунуштоо.

**Угулду** :

Факультеттин окуу-усулдук кенештин төрайымы А. Базиева 2022-2023-окуу жылындагы эл аралык медицина факультетинде уюштурулган "Мыкты лектор", "Мыкты окутуучу", "Мыкты ОМК" сынагынын март-апрель айларында болуп өткөн 2-этабынын жыйынтыгы боюнча женүүчүлөрдү аныктоо жана аларды “ОшМУнун мыкты окутуучусу”, “ОшМУнун мыкты ОМКсы”, “ОшМУнун мыкты лектору” конкурсуна катышууга сунуштоо маселесин койду.

**Сөзгө чыкты:**

Сынактын женүүчүлөрүн аныктоо максатында түзүлгөн комиссиянын мүчөсү, доцент Г. Орунбаева факультеттин жеңүүчүлөрү аталган конкурстун жаңыланган талаптарына ылайык тандалгандыгын баса белгилеп өттү. Конкурстук сабактар, ОМКлар жогорку деңгээлде даярдалгандыгын, окутуучулардын мыкты аракеттенгендерине токтолуп, "Факультеттин мыкты окутуучусу" конкурсунун 2-этабынын жыйынтыгы боюнча социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кыргыз тили дисциплинасынын окутуучусу А.Б. Кенжебайованын 1-орунду ээлегендигин айтып өттү. Окутуучу тарабынан өтүлгөн конкурстук сабактарынын жогорку сапатта өткөрүлгөндүгүн баса белгилөө менен “ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсуна катышууга сунуштай тургандыгын айтып өттү.

Ушундай эле пикирди комиссиянын мүчөлөрү А.М. Эргешова, Р.М. Маматовалар да айтып өтүшүп, окутуучу А. Кенжебайованы “ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсуна катышуусун сунушташты.

**Сөзгө чыкты:**

Комиссиянын мүчөсү Мурзалиева А.М. “Факультеттин мыкты ОМКсы” конкурсунун 2-этабынын жыйынтыгы боюнча клиникалык дисциплинар 1 кафедрасынын факультативдик терапия сабагынын окутуучусу Ажымаматова Р.М. түзгөн

ОМКси жеңүүчү болгондугун белгилеп, “ОшМУнун мыкты ОМКсы” конкурсуна катышууга сунуштай тургандыгын айтып өттү.

## ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:

1. 2022-2023 окуу жылында ОшМУнун денгээлинде өткөрүлүүчү "ОшМУнун мыкты окутуучусу-23" конкурсуна социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кыргыз тили дисциплинасынын окутуучусу Кенжебайова Айчүрөк Бекболотовнанын катышуусу сунуштоо факультеттин Окумуштуулар кеңешинен суралсын.
2. 2022-2023 окуу жылында ОшМУнун денгээлинде өткөрүлүүчү "ОшМУнун мыкты ОМКсы" конкурсуна факультеттин клиникалык дисциплинар1 кафедрасынын факультативдик терапия дисциплинасынын окутуучусу Р. М. Ажымаматованын катышуусу сунуштоо факультеттин Окумуштуулар кеңешинен суралсын..

**Төрайым :** А.Базиева.

**Катчы :** Р. Маматова.

Көчүрмө анык

Катчы: Р. Маматова.

2023.19.04